# Сүйүү таза

Сөзү: Алымбаева Берметгүл

Обону: Момунов Жаныш

Жашоо, тагдыр жана өмүр барда,
Махабаттан жаралган.
Адамзатты бири-бирине кошуп,
Бийик күчкө байланган.
**Сүйүү** ынак, сүйүү тунук бизге,
Сүйүү улук, таптаза.
Сүйүү кымбат, сүйүү башка сезим,
Сезимдерден башкача.
Кайырма:
Сүйүү – жарык, сүйүү – бакыт,
Сүйүү таптаза.
Сүйүү – жомок, сүйүү – тунук,
Ыйык таптаза.

Адамзатты бул жашоого берген,
Бир келесиң, унутпа!
Ошон үчүн сүйөлүчү, досум,
Сүйчү адамзат таптаза.
Сүйүү назик, сүйүү майрам күндөй,
Жаз майрамдай кулпурган.
Сүйүү жомок айтып бүтпөс күндө,
Жан дүйнөмдү тазарткан.